Марат Темиров атындагы жалпы орто билим беруу мектебинин 2018-2020-окуу жылына карата мектептин соцпедагогунун аткарылган иштери боюнча маалымат.

Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде ар бир окуу жылы учун иш-чаралардын планы бекиттирилген.Окуу жылынын башында окуучулардын социалдык абалдары такталып,папкалар түзүлгөн.Ар бир класска социалдык паспорт түзүлүп,окуучулардын жалпы социалдык абалына байкоо жүргүзүлдү.Тоголок жетим,жарым жетим,ДМЧ,аз камсыз үй-бүлөдөгү окуучулар,Чернобль,Афган,Баткен согушунун катышуучуларынын балдары,толук эмес үй-бүлөнүн балдары,окууга татылбай калган окуучулар,мигрант ата-эненин балдары такталды.

1-11-класстардан сабакты себепсиз калтырган окуучулар жана алардын ата-энелери аттуу темасында сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү.Түшүнүк каттар алынды. Мектепте окуу жылдарынын башталышында эле  “Ишеним кутучасы” ачылып,ар бир 15 күн сайын ачылып текшерилип турду.Жаш өспүрумдор арасында кылмыштуулуктун алдын-алуу максатында “ Рекет-бул кылмыштуулук” аттуу темасында 8-11-класстар арасында тегерек столдор,баарлашуулар өтүлдү.

Мигрант ата-энелердин балдарынын жашоо-шарттары,кимдин колунда калган,ким жооптуу экендиктери такталган.8-11-класстар арасында зордук-зомбулук,ырайымсыз мамиле боюнча окуучуларга тарбиялык сааттар өтүлдү,окуучулар социалдык зомбулук,психологиялык зомбулук,сексуалдык зомбулук тууралуу маалымат алышты. Суициддин алдын-алууга 11-класстар буклеттерди жасашты.Темасы: Жаркын жашоо.

“Зомбулуксуз мектеп”программасынын алкагында 9-11-класстардан анкеталар алынды.Ай сайын мигрант ата-эненин балдарына жана аз камсыз үй-бүлөнүн балдарына барып текшерилип турду.

Мектеп ичинде кыздар жана балдар комитети план боюнча иштерди алып барышты.

“Диний экстремизмдин алдын алуу” темасында диндин оң жана терс жактары боюнча  баарлашуу айылдын имамы менен бирдикте өтүлдү.Улууну урматтоо,кичүүнү ызааттоо темалары козголуп,талкууга алынды.Балдарга карата зордук-зомбулуктун алдын-алуу ,балдардын түнкү убактарда көчөдө жүрүүсүн көзөмөлдөө жана алкоголь ичимдиктеринин  пайдалануусун алдын-алуу боюнча штабдык комиссия түзүлүп,түнкүсүн рейддер уюштурулуп турду.18 жашка чейинки өспүрумдөргө тамеки жана алкоголь сатпоо тууралуу эскертүүлөр дүкөндөргө илинди.

8-11-класстар арасында “Наркомания,Ичимдик ичүү, Тамекинин зыяндуулугу”темаларында видеоролик татылып,районго жиберилди,ангемелешүүлөр болду.

Укук бузуунун алдын-алуу боюнча “Бактылуу балалык” темасында 1-4-класстар арасында окуучулар сүрөттөрдү тартышты,жакшы тартылган сүрөттөр такталды.

“Жаркын жашоо” темасында “Бекбекей” ыр-бий кружогунун концерттик программасы болуп турду.

“Кургак учук айыгат” темасында 9-10-класстардын окуучулары дил баян жазып,мыктылары аныкталып турду.

“Көңүлдүү эстафета” зомбулуктун алдын-алуу боюнча 5-6-класстар арасында спорттук иш-чара өтүлдү.

Соцпедагог:                    Арыкбаева Р